# Үкү эмнеге аңчылык кылат?



Автор: Ольга Стародубова

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Которгон: Талгат Деркембаев

# Үкү эмнеге аңчылык кылат?

Автор: Ольга Стародубова
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Үкү эмнеге аңчылык кылат?" (кыргыз тилинде), автор Ольга Стародубова, сүрөтчү Эльдар Есиналинов, которгон Талгат Деркембаев

*На кого охотится филин?*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Түн. Айлана мемиреп тынч. Бир маалда кусалуу жана коркунучтуу «У-уу-ууу!" деген үн чыкты.

Түнкү тынчтыкты ким бузду? Ач карышкыр улуп жатабы? Ал эми олжосун аңдыганы чыгат.

Ага үкү жооп кылды:

– У-ух, у-ух...

Бул айлуу түндө дагы эмненин уйкусу качты? Алайган үкү да аңчылыкка ашыгып жатат.



Корконунан коёнек жашына калды. Ал кичинекей баладай үн чыгара алат.

– Уа-уа-уа-уа...

Кургак чөптү шуудуратып жылан сойлоп кетти.

– Ш-ш-ш-ш-с-с-с-с...

Жылан дагы үкүдөн коркот.

Бадалдын алдына кирпи жашынды. Ал да бышкырынып бир башкача үн чыгарат. Ал кантет билесиңби?

– Пых–пых-пых-пых, фу-фу-фу-фы-фы-фы-ф-ф.

Бирок ал да үкү байкап калат деп үн чыгаргандан коркот.



Суудан анча алыс эмес нымдуу топурактын алдында бака катып калды. Бака кандай үн чыгарарын билесиңби? Кайталап көрсөң да болот.

– Кыр-р-ква-ква-кыр-р-ква...


Чычкан эне акырын чиесин чакырат. Ал кантип чакырат болду экен?

– Пи-пи-пи-пи...

Кара чыйырчык, башка канаттуулар, улак да үкүдөн коркот.

Бүгүн биздин үкүбүз коңуз жейт. Коңуздар кантип дыңылдашат билесиңби?

– Ж-ж-ж-ж-з-з-з-з...



Үкү биздин өлкөбүздө коргоого алынган канаттуу экенин билчү белең? Ал Кыргызстандын “Кызыл китебине” киргизилген.

Бул китепте сейрек кездешкен жаныбарлар, канаттуулар, балыктар, курт-кумурскалардын тизмеси бар. Алардын баары жоголуп кетпеш үчүн коргоо керек.

Кызыл карышкыр да Кыргызстандын “Кызыл китебине” киргизилген. Ал кескелдирик, кемирүүчүлөр, аркар жана тоо текелерге аңчылык кыла алат.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Ольга Стародубова
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли